## Кыргыз Республикасынын судьяларынын кызмат оордуна талапкерлер үчүн оозэки экзамендин тармактык суроолору

### Конституциялык укук боюнча суроолор

1. Кыргыз Республикасынын Президентин жазык жоопкерчилигине тартуунун тартиби.

2. Кайсы мөөнөттө Кыргыз Республикасынын Президентин мөөнөтүнөн мурда шайлоо өткөрүлөт?

3. Кыргыз Республикасында саясый көп түрдүүлүккө жол берилеби?

4. Кыргыз Республикасынын аймагында кандай салык системасы иштейт?

5. Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары жашаган жана башка мамлекеттин жараны болгон кыргыздар, жөнөкөйлөштүрүлгөн тартипте Кыргыз Республикасынын жарандыгын алууга укуктуубу?

6. Жарандар кандай маселелер боюнча элдик курултайларды өткөрүүгө укуктуу?

7. Кыргыз Республикасынын Президентинин ыйгарым укуктарын аткарып жаткан адам Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешке мөөнөтүнөн мурда шайлоо дайындоого, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүн кызматтан кетирүүгө укуктуубу?

8. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатын кайра чакыртып алууга жол берилеби?

9. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу кайсы органдын чечими менен ишке ашырылат жана кайсы мөөнөттө?

10. Мамлекет тарабынан элдик үрп-адаттар, каада-салттар колдоого алынабы?

11. Келишим боюнча өз милдеттерин аткарбаган адамды эркиндигинен ажыратууга мүмкүнбү?

12. Кыргыз Республикасынын Президенти өз ыйгарым укуктарын кайсы актылар менен ишке ашырат?

13. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын төрагасын шайлоонун тартиби?

14. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши өзүн өзү таркаткан учурда – мөөнөтүнөн мурда шайлоо дайындоонун тартиби?

15. Өзүн өзү таркатуу жөнүндө чечим Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарынын көпчүлүк добуштарынын канчасы менен кабыл алынышы мүмкүн?

16. Кандай мыйзам долбоорлору Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кезексиз тартипте каралат?

17. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин жыйналыштарына катышпаса, депутаттын ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулушу мүмкүнбү?

18. Кыргыз Республикасында аткаруу бийлиги кайсыл орган тарабынан ишке ашырылат?

19. Кыргыз Республикасынын Премьер-министринин кызматтан кетишин кабыл алуу кандай кесепетке алып келет?

20. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары кайсы булактардан каржыланат?

21.Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө ишенбөөчүлүк көрсөтүү маселесин кароого укуктуубу?

22. Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык, Кыргыз Республикасынын атынан эл аралык келишимдерге ким кол коет?

23. Улууларды урматтоо, туугандарына жана жакындарына камкордук көрүү – бул ар бир жарандын милдетиби же укугубу?

24. Кандай учурларда Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүгө тыюу салынат?

25. Жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын чечимдеринин юридикалык күчү.

26. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү кайсы органдардын актыларын жокко чыгарууга укуктуу?

27. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомдорунун жана буйруктарынын аткарылышынын мейкиндиги?

28. Кыргыз Республикасында кайсы дин мамлекеттик болуп саналат?

29. Кыргыз Республикасынын Президенти кайсы учурларда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүн кызматынан кетирет?

30. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган мыйзам канча күндүн ичинде Кыргыз Республикасынын Президентине кол коюу үчүн жиберилет?

31. Кандай мыйзамдар Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан милдеттүү түрдө кол коюулууга жатат?

32. Кыргыз Республикасы кандай өлкө болуп саналат?

33. Кыргыз Республикасында кайсы мыйзам негизги болуп саналат жана түздөн-түз колдонулат?

34. Кыргыз Республикасынын гана менчиги.

35. Кыргыз Республикасынын Конституциясында талаштарды соттон тышкары чечүү институту каралганбы?

36. Окшоштук боюнча жоопкерчиликти белгилеген жазык мыйзамын колдонууга болобу?

37. Жеке менчикте же башка укукта турган турак жайдын жана объектинин кол тийгистигинин укуктарына кандай кепилдиктер жана чектөөлөр Кыргыз Республикасынын Конституциясы менен белгиленет?

38. Сөз эркиндиги принцибин ишке ашырууда Кыргыз Республикасынын Конституциясында кандай чектөөлөр киргизилген?

39. Кыргыз Республикасынын Конституциясында соттук коргонуунун кандай кепилдиктери каралган?

40. Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык мыйзам чыгаруу демилгеси кимдерге таандык?

41. Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык мыйзам кайсы учурдан тартып күчүнө кирет?

42. Мыйзамдардын жана башка ченемдик укуктук актылардын күчүнө киришинин милдеттүү шарттары.

43. Кыргыз Республикасынын Конституциясында атайы бөтөнчө жана адистештирилген сотторду түзүү каралганбы?

44. Соттук өз алдынча башкаруу органдарын санап бергиле.

45. Кыргызстандын эли өз бийлигин кантип жүзөгө ашырат?

46. Кыргыз Республикасынын Конституциясында саясый партияларга мүчө болуп кирүүгө чектөөлөр барбы?

47. Кыргыз Республикасы кандай социалдык программаларды иштеп чыгат?

48. Эл аралык келишимдердин, эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптеринин жана ченемдеринин колдонуу тартиби жана шарттары.

49. Кайсы учурларда мажбурланган эмгекти колдонууга жол берилет?

50. Адамды сотту чечимисиз канча мөнөөттөн ашык кармоого тыюу салынат?

51. Күнөөсүздүк презумпциясынын принциптери.

52. Актоо өкүмүнүн кесепеттери.

53. Мыйзамды бузуу менен алынган далилдерди келтирүүнүн кесепеттери кандай болот?

54. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьялары кайсы мөөнөткө шайланышат?

55. Соттордун кадр меселесин чечүүдөгү Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин ыйгарым укуктары.

56. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин чечимдери кандай таризде жол-жоболоштурулат?

57. Мыйзамдар Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан канча окууда кабыл алынат?

58. Кыргыз Республикасынын Өкмөт түзүмү өзүнө кайсы органдарды камтыйт?

59. Кыргыз Республикасында сот бийлиги кантип жүзөгө ашырылат?

60. Кыргыз Республикасынын Борбордук шайлоо комиссиясы шайлоо жана референдумдарды өткөрүү боюнча кандай ыйгарым укуктарга ээ?

61. Жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын башчылары ким тарабынан дайындалышат?

62. Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык, Кыргыз Республикасынын Прокуратурасы кандай органга кирет?

63. Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык, кайсы билимди сөзсүз жана акысыз алууга милдеттүү түрдө мамлекет тарабынан кепилденет?

64. Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык, эл аралык келишимдерге Кыргыз Республикасынын атынан ким кол коюуга укуктуу?

65. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин бюджет жана укуктук тартип маселелери боюнча комитеттерди кайсы фракция жетектейт?

66. Сот адилеттигин жүзөгө ашырууда судьядан отчет талап кылууга ким укуктуу?

67. Кынтыксыздык талаптарын бузган учурда, жергиликтүү соттордун судьяларын кызмат ордунан четтетүү жана бошотуу ким аркылуу ишке ашырылат?

68. Сотторду каржылоо кандай жүргүзүлөт?

69. Кайсы мыйзам же башка ченемдик укуктук актылары өткөн мезгилге карата колдонулбайт?

70. Менчик ээсинин эркинен тышкары мүлктү алып коюуга жол берилеби?

71. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджети эмнеден турат?

72. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине депутат болуп ким шайлана алат?

73. Кыргыз Республикасынын Конституциясында иш таштоого тыюу салынганбы?

74. Диний бирикмелердин жана дин кызматчыларынын мамлекеттик органдардын ишине кийлигишүүсүнө жол берилеби?

75. Жогорку Кеңештин депутаттары кандай шайлоо системасы менен шайланышат?

## Кылмыш-жаза укугу боюнча суроолор

1. Кылмыш мыйзамынын убакыт боюнча колдонулушу.
2. Жазык мыйзамдары боюнча мыйзамдын өткөн мезгилге карата күчү.
3. Кылмыштарды классификациялоонун түрлөрүн санап бергиле.
4. Кылмыш жасоого шыкакчы деп ким табылат?
5. Анча оор эмес кылмыш деген эмне?
6. Оор кылмыш деген эмне?
7. Өзгөчө оор кылмыш деген эмне?
8. Кылмыш-жаза жоопкерчилиги тартылууга белгиленген жаш курак.
9. Кылмыштар жыйындысы.
10. Өнөкөт кылмыш (рецидив) деген эмне?
11. Өкүмдөрдүн жыйындысы боюнча эркиндигинен ажыратуунун максималдуу мөөнөтү.
12. Пара берген адам кылмыш жоопкерчилигинен бошотулушу мүмкүнбү?
13. Өнөкөт кылмыштын түрлөрүн атагыла.
14. Кандай жосун байкабастыктан жасалган кылмыш деп табылат?

15. Коргонуу зарылдыгы кылмыш жоопкерчилигине алып келиши мүмкүнбү?
16. Кылмышты аткаруучунун аша чапкандыгы?
17. Өнөкөт кылмыштарга жаза белгилөө өлчөмү.
18. Кылмыштын аткаруучусу деп ким табылат?
19. Кылмышта шериктеш деп ким табылат?
20. Кылмыштын көмөкчүсү деп ким табылат?
21. Кылмыштын уюштуруучусу деп ким табылат?
22. Кандай кылмыштарды жасаганда жана кандай жагдайларда адам кылмыш жоопкерчилигинен бошотулат?
23. Кандай учурларда кылмыш жоопкерчилигине тартуунун эскирүү мөөнөтүнүн өтүүсү токтотула турат?
24. Адам кайсы учурга чейин соттолгон деп эсептелет?
25. Эгерде адам соттун өкүмү менен жазадан бошотулган болсо, ал соттолгон деп эсептелеби?
26. Сот соттуулугун мөөнөтүнөн мурда алып сала алабы?
27. Кандай адамдарга кылмыш жоопкерчилигине тартуунун эскирүү мөөнөтү колдонулбайт?
28. Жашы жетпегендерге эркиндигинен ажыратуунун эң жогорку мөөнөтүн дайындоодо чектөөлөр барбы?
29. Соттолгон адамды жаза өтөөдөн мөөнөтүнөн мурда шарттуу түрдө бошоткондо ал кошумча жазадан бошотулушу мүмкүнбү?
30. Түзөтүү жумуштарына соттолгон адамдын ай сайын эмгек акысынан кайсы өлчөмдүн чегинде кармоо жүргүзүлөт?
31. Өмүр бою эркинен ажыратылган адамга мөөнөтүнөн мурда шарттуу түрдө бошотуу колдонулабы?
32. Кимдерге жаза өтөөдөн мөөнөтүнөн мурда шарттуу түрдө бошотуу колдонулбайт?
33. Кайсы учурларда кылмышты аффект абалында жасаган деп табылат?
34. Орундуу тобокелчилик деген эмне?
35. Кылмыштар жыйындысында эркинен ажыратуу жана айып түрүндө жазаларды дайындоодо өкүм кандай аткарылат?
36. Шарттуу соттоодо кошумча жазалар дайындалышы мүмкүнбү?
37. Жашы жетпегендерге колдонулуучу жазанын түрлөрү?
38. Шарттуу соттолгон адам сыноо мөөнөтүнүн ичинде жаңы кылмыш жасаганда жаза кандайча дайындалат?
39. Атайылап жасалган банкротчулук деген эмне?
40. Атайылап киши өлтүрүү менен өлүмгө алып келген атайлап денесине оор зыян келтирүүнүн ортосундагы айырма?
41. Кайсы учурларда киши өлтүрүү зарыл болгон коргонуунун чегинен чыгуу менен жасалган катары эсептелет?
42. Саламаттыкка атайылап жеңил залал келтирүү үчүн адам кылмыш жоопкерчилигине тартылабы?

43. Уурдалган адамды өз ыктыяры менен бошоткон адам кылмыш жоопкерчилигинен бошотулабы?

44. Балдарын багуудан качкан ата-энелерди кылмыш жоопкерчилигине тартууга болобу?

45. Ата-энесин багуудан качкан эрезеге жеткен балдарды кылмыш жоопкерчилигине тартууга болобу?

46. Кайсы учурдан тартып уурдоо аяктаган кылмыш болуп саналат?

47. Уурдоонун тоноодон айырмасы?

48. Тоноонун каракчылыктан айырмасы?

49. Каракчылык, кайсы учурдан тартып аякталган кылмыш болуп саналат?

50. Жалган ишкердиктин максаты эмне?

51. Адам сапатсыз спирт жана алкоголдук продукцияларды өндүрүп жана саткандыгы үчүн качан кылмыш жоопкерчилигине тартылат?

52. Каракчылык деген эмне?

53. Терроризм актысын даярдоого катышкан адам кылмыш жоопкерчилигинен бошотулушу мүмкүнбү?

54. Жаза кандай максаттарда колдонулат?

55. Адамдын аракетинде барымтага кармоо деп табуунун милдеттүү шарты?

56. Бандитчилик деген эмне?

57. Кайсы учурларда кылмышка даярдануу үчүн кылмыш жоопкерчилиги келип чыгат?

58. Жеке жек көрүүнүн негизинде уруп-сабоо хулиганчылык катары саналабы?

59. Массалык тартипсиздиктер аныктамасынын бир нече белгилерин санап бериңиз?

60. Кылмышты квалификациялоо үчүн маанилүү болгон баңгизаттарынын өлчөмдөрү кайсы орган тарабынан аныкталат?

61. Кармоо учурунда баңгизаттарды өткөрүп берген жак өз ыктыяры менен өткөрүп берген катары эсептелеби?

62. Мамлекетке чыккынчылык жасаган адам кандай учурларда кылмыш жоопкерчилигинен бошотулат?

63. Бийликти күчкө салып тартып алууда адам кандай учурларда кылмыш жоопкерчилигинен бошотулат?

64. Жер мыйзамдарын бузгандыгы үчүн кимдер кылмыш жоопкерчилигине тартылышы мүмкүн?

65. Опузалап пара талап кылуунун негизги белгилери.

66. Сот адилеттигин же тергөөнү ишке ашырган адамды өлтүрүү жөнүндөгү кылмыш иштердин объектилерин атагыла?

67. Кылмышты алдын ала убада бербестен жаап-жашырган адамдардын кимиси жазык жоопкерчилигине тартылбайт?

68. Баңги каражаттарын башкага берүү менен баңгилик каражаттарды колдонууга тартуунун ортосундагы айырмачылык?

69. Коргонуу зарылдыгынын чектеринен аша чабуу деп эмне табылат?

70. Кылмыш жасаган адам жабырлануучу менен макулдашууга жетишкенде кылмыш жоопкерчилигинен бошотулушу мүмкүнбү?

71. Сот жазадан шарттуу түрдө мөөнөтүнөн мурда бошотууда кошумча милдеттенмелерди жүктөй алабы?

72. Эмгек акыны, пенсияларды, пособиелерди жана башка социалдык төлөмдөрдү төлөөгө арналган акчалай каражаттарды багыты боюнча пайдаланбаганда кылмыш жоопкерчилигине тартуу көрсөтүлгөнбү?

73. Кылмыш далалаты деген эмне?

74. Адам кайсы өзгөчө учурларда камакка алынышы мүмкүн?

75. Мунапыс берүү жөнүндө актыны кайсы орган чыгарат?

## Жазык-процесстик укугу боюнча суроолор

1. Кайсы учурларда иш жабык соттук отурумда каралышы мүмкүн?
2. Кайсы учурларда айыпкерден кабыл алынган күрөө түрүндө тандалган бөгөт коюу чарасы кайтарылбайт?
3. Бөгөт коюу чараларынын түрлөрүн санап бергиле.
4. Өкүмгө карата апелляциялык даттануу келтирүү укугу кимге таандык?
5. Кайсы учурларда прокурор жазык иши боюнча доо коет.
6. Кайсы учурларда бөгөт коюу чарасы кыйла катаалына өзгөртүлөт?
7. Эгерде кылмыштар ар башка жерлерде жасалса, бул жазык иши кайсы сотто каралат?
8. Өкүмдүн түрлөрү.
9. Кайсы учурларда судья жазык ишин кароодо кайталап катыша албайт?
10. Кандай жазык-процесстик мыйзам өткөн мезгилге карата колдонулбайт?
11. Эксперттин корутундусу тергөөчү, прокурор, сот үчүн милдеттүү болобу?
12. Өкүмдүн корутунду бөлгүндө кандай дагы кошумча суроолор чечилүүгө тийиш?
13. Канча убакыттын ичинде айыпкерге айыбы угузулушу керек?
14. Жазык иши жаңыдан ачылган жагдайлар боюнча кайра кароого жатабы?
15. Жосунду акыл-эси соо эмес адам жасаган учурда жазык иши кандай чечилет?
16. Күнөөсүздүк кунарына түшүндүрмө бергиле.
17. Айыптоонун далилденгендигине карата пайда болгон шектенүүлөр кантип чечилет?
18. Тергөө органдары жана сот далилдерди кантип баалашы керек?

19. Жазык иши боюнча далилденүүгө тийиш болгон негизги фактыларды жана жагдайларды атап бергиле.
20. Ким шектүү деп эсептелет?
21. Соттун өкүмү канча бөлүктөн турат?
22. Жазык сот ишинин жүрүшү кайсы мыйзамдар менен аныкталат?
23. Жазык ишин козгоо үчүн эмне негиз болот?
24. Кайсы учурларда соттук изилдөө жаңыдан башталат?
25. Оор же өзгөчө оор кылмыштар боюнча жазык иштери судья тарабынан канча мөөнөттө каралышы керек?
26. Маалымат алган булакты көрсөтүп бере албаган күбөнүн көрсөөтүүлөрү жол берилген далилдер болуп эсептелеби?
27. Жазык ишин кароодо пайда болгон жарандык же административдик укуктук мамилелер боюнча маселе кандай тартипте чечилиши керек?
28. Жазыктык сот ишинин жүрүшүндө Кыргыз Республикасынын Конституциянын жана Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин ченемдеринин ортосунда карама-каршылык келип чыккан учурда кайсы мыйзам колдонулат?
29. Айыптоо өкүмүн чыгаруу үчүн соттолуучунун кылмыш жасагандыгын моюнга алышы эле жетиштүүбү?
30. Жазык сот ишинин жүрүшүндө кандай учурда менчик ээсинин мүлкүн алууга мүмкүн?
31. Соттор жазыктык сот ишинин жүрүшүндө зарыл материалдарды алууга көмөк көрсөтө алабы?
32. Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин убакыт боюнча колдонулушу.
33. Жазыктык сот ишинде тараптардын далилтартышы кантип камсыз кылынат?
34. Жеке айыптоо тартибинде козголгон кылмыш иштер токтотулушу мүмкүнбү?
35. Прокурордун жеке-ачык айыптоону колдоодон баш тартуусунун кесепеттери кандай?
36. Кылмыш жоопкерчилигине тартуунун эскирүү мөөнөтү өтүп кетүүсүнүн кесепети.
37. Акыл-эси соо эмес абалда жасаган адамга карата жазык иши кантип чечилет?
38. Кылмышты акырына чейин чыгаруудан өз ыктыяры менен баш тарткан адамга карата жазык иши кандай чечилет?
39. Жазык ишин кассация тартибинде кароо кайсы соттун ыйгарым укуктарына кирет?
40. Жазык иши боюнча прокурордун көрсөтмөсү алгачкы текшерүү жана тергөө органдары үчүн милдетүү болуп саналабы?
41. Кылмыш иши боюнча прокуродун чечими менен макул болбогондо тергөөчүнүн аракети.

42. Тергөө учурунда экспертке билдирилген баш тартуу ким тарабынан чечилет?

43. Бөгөт коюу чарасын тандоодо ~~сот~~ кандай соттук акт кабыл алынат?

44. Сот келип түшкөн жазык иши боюнча соттук териштирүү башталa электе ишти өндүрүштөн кыскарта алабы?

45. Адам кайсы убакта шектүү адам деп эсептелбейт?

46. Бөгөт коюу чарасынын камакка алуу түрүн тандап алуу жөнүндөгү өтүнүчтү козгоо жөнүндө тергөөчүнүн токтомун сот канча мөөнөттө карайт?

47. Жазык иши боюнча жарандык доогер айыптоону колдой алабы?

48. Жашы жетпегендерге камакка алуу бөгөт коюу чарасы колодонулушу мүмкүнбү?

49. 16 жашка чыкпаган жабырлануучулар жана күбөлөр жазык жоопкерчилиги тууралуу эскертилеби жана алардан кол кат алынабы?

50. Кандай учурда айыпкерге тандалып алынган бөгөт коюу чарасы жокко чыгарылат?

51. Прокурор жана тергөөчү өзүнүн демилгеси боюнча жеке- ачык койгон айып боюнча жазык иш козгоого укуктуубу?

52. Эгер жазык иш боюнча бир нече адам соттолуп, алардын бири эле өкүмгө апелляциялык даттануу келтирсе, иш кандай тартипте каралат?

53. Жазык иши боюнча соттук отурумда иш өндүрүштөн кыскартылганда иштеги далилдер изилденүүгө жатабы?

54. Соттолуучунун катышуусуз кылмыш ишин териштирүүгө жол берилеби?

55. Эгерде соттолуучу сот жыйыны залынан чыгарылса, өкүм кандайча угузулат?

56. Өкүмгө апелляциялык даттаннуу келитирүүнүн мөөнөтү.

57. Соттун өкүмүнө карата даттануу арызы же сунушу кайсы сот аркылуу келитирилет?

58. Соттолуучуга айыптоо кортундусунун көчүрмөсү берилбегендиги аныкталса, соттук отурум улантылышы мүмкүнбү?

59. Жазык иши боюнча соттук териштирүү эмнеден башталат?

60. Кайсы учурларда соттолуучунун көрсөтүүлөрү жарыяланат?

61. Өкүм кандай болушу керек?

62. Сот өкүмдү түзүү учурунда түн мезгилинин кириши менен майрам жана дем алыш күндөрүнө танапис жасай алабы?

63. Камакка алуу түрүндөгү бөгөт коюу чарасын 9 айга узартууга жол берилеби?

64. Актоо өкүмү чыгарылганда айыпталуучунун мүлкүнөн камак алынабы?

65. Кандай учурда соттук териштирүү жеңилдетилген тартипте жүргүзүлөт?

66. Кайсыл учурда соттук териштирүү женилдетилген тартипте алып баруу жөнүндө өтүнүч келтирилет?

67. Мунапыс акты жасалган жосун үчүн жаза чарасын колдонууну жокко чыгарса жазык иши кандай чечилиши керек?

68. Эгерде шектелүүчүнүн, айыпкердин, соттолуучунун, күбөнүн биринин кызыкчылыктары экинчисинин кызыкчылыктарына каршы келсе, бир эле адам ал экөөнүн тен жактоочусу боло алабы?

69. Жазык сот ишинде жашы жетпеген жаран өз кызыкчылыктарын жактоочунун катышуусуз өзү коргой алабы?

70. Сот кайсы учурда жазык ишин прокурорго кайтарып берүүгө укуктуу?

71. Өзгөчө оор кылмышты жасагандыгы үчүн айыпталган адам жактоочудан баш тарта алабы?

72. Тергөөдөө, сотто жашы жетпеген өспүрүмдөрдү күбө-калыс катары тартууга мүмкүнбү?

73. Жазык иши боюнча жарандык доогер айыптоону колдой алабы?

74. Сотко түшкөн жазык иши боюнча тандалып алынган бөгөт коюу чарасын өзгөртүү, бузуу судья ыйгарым укугуна киреби?

75. Сотко түшкөн иш боюнча тандалып алынган бөгөт коюу чарасын өзгөртүүгө, бузууга судьяга ыйгарым укук берилеби?

## Жарандык укук боюнча суроолор

1. Баалуу кагаздын түрлөрү.
2. Кыргыз Республикасынын Жарандык кодекси тарабынан жөнгө салынуучу мамилелердин катышуучулары.
3. Мамлекеттик каттодон өтүүгө тийиш болгон мүлк укугу кайсы учурдан тартып келип чыгат?
4. Кыргыз Республикасы жарандык укук мамилелеринин субъектиси болуп эсептелеби?
5. Кыймылсыз мүлккө карата кандай негизги укуктар мамлекеттик каттого жатат?
6. Кандай мүлк кыймылдуу болуп саналат?
7. Мамлекеттештирүүнүн негизи жана ыкмасы.
8. Юридикалык жактын филиалынын аныктамасы.
9. Чарбалык шериктиктерди жана коомду түзүүнүн формаларын атагыла.
10. Эмансипация деген эмне?
11. Ишкана түшүнүгү.
12. “Керээз” терминине аныктама бергиле.
13. Акционердик коом кайсы убакытта ачык деп таанылат?
14. Кыймылсыз мүлктүн түрлөрү.
15. Буюмду акысыз пайдаланууга бербөөнүн кесепеттери.
16. Жергиликтүү коомчулуктун казынасын кайсы каражаттар түзөт?
17. Кандай мүлк бөлүнгүс буюмдар болуп саналат?
18. Жаныбарларга карата кайсы эрежелер колдонулат?
19. Башкы буюм жана анын таандык болушу.

20. Юридикалык жакты жоюнун кесепеттери.
21. Юридикалык жакты кайра түзүүнүн түрлөрү.
22. Кайсы орган фондду жоюу жөнүндө чечим кабыл алууга укуктуу?
23. Жарандар жана юридикалык жактар жарандык укуктарын кантип жүзөгө ашырат?
24. Качан жана кандай тартипте мүлктү конфискациялоого жол берилет?
25. Жарандык аракетке жөндөмдүүлүк деген эмнени түшүндрөт?
26. Жарандык укукка жөндөмдүүлүк-деген эмнени түшүндүрөт?
27. Толук шериктештиктерде укуктар өтүү кантип жүзөгө ашырылат?
28. Жарандык абалдын кайсы актылары мамлекеттик каттого жатат?
29. Кандай мүлк ээсиз-ээликсиз болуп саналат?
30. Менчик укугунун аныктамасы.
31. Менчик укугуна ээ болуунун негиздери.
32. Бүтүмдөрдүн түрлөрү.
33. Кандай курулуш өзү билип курулган курулуш деп таанылат?
34. Юридикалык жакты түзбөстөн ишке ашырылып жаткан жарандардын ишкерлигине карата Кыргыз Республикасынын Жарандык кодекстин кандай эрежелери колдонулат?
35. Милдеттенмелерди камсыздоонун ыкмалары.
36. Кайсы учурларда тартуулоо келишимин алып салууга жол берилет?
37. Сатып алуу- сатуу келишиминин түшүнүгү.
38. Юридикалык жак анын ар-намысын жана кадырын каралаган маалыматтарды сот аркылуу жокко чыгаруу боюнча талап коюуга укуктуубу?
39. Универсалдуу укукөткөрүүнүн формаларын атагыла.
40. Моралдык зыянды компенсациялоонун өлүчөмүн аныктоо учурунда сот кайсы жагдайларды кабыл алат?
41. Негизги милдеттенменин жараксыздыгы аны камсыз кылуучу милдеттенменин анык эместигине алып келиши мүмкүнбү?
42. Мурастоонун түшүнүгү.
43. Кайсы учурларда мажбурланган сервитут токтотулат?
44. Күрөө кармоочунун талаптарын күрөөгө коюлган кыймылсыз мүлктүн эсебинен сотко кайрылуусуз канааттандыруунун негиздери.
45. Кыймылсыз мүлктү мамлекеттик каттонун тартиби жана каттоодон баш тартуунун негиздери кайсы мыйзамга ылайык белгиленет?
46. Кайсы учурда жаран дайынсыз жоголду деп табылышы мүмкүн?
47. Кайсы учурларда жаран аракетке жөндөмсүз деп таанылышы мүмкүн?
48. Ким күрөө берүүчү болушу мүмкүн?
49. Кыймылдуу мүлктү күрөөгө коюу жөнүндө кандай келишим милдеттүү түрдө мамлекеттик каттого жатат?

50. Күрөөгө коюлган мүлктү сатуунун негизги жолдору.

51. Кайсы учурда өндүрүүнү жер тилкесине айлантууга-жол берилет?

52. Мурас ачылган учурда тирүү болгон жарандар, ошондой эле мурас ээсинин тирүү кезинде боюнда болгон балдары жана мурас ачылгандан кийин аман-эсен төрөлгөн балдарынан башка дагы кимдер керээз боюнча мураскор болушу мүмкүн?

53. Мыйзам боюнча мураскорлордун биринчи кезегине кимдер киришет?

54. Кайсы учурда келишимдерди нотариалдык күбөлөндүрүү зарыл?

55. Кайсы учурда доонун эскирүү мөөнөтү үзгүлтүккө учурайт?

56. Жоопкерчили чектелген коомдун аныктамасы.

57. Жоопкерчили чектелген коомдун катышуучулары боюнча чектөөлөрдү атагыла.

58. Келишимдин түшүнүгү.

59. Алмашуу келишиминин түшүнүгү.

60. Кимдин үстүнөн камкордукка алуу аныкталат ?

61. Кайсы учурда серивитут сакталып калат?

62. Бүтүмдөр түшүнүгү.

63. Ишеним кат деген эмне?

64. Ишенимди өткөрүп берүү тартибинде берилген ишеним каттын мөөнөтү.

65. Коммерциялык уюмдар менен коммерциялык эмес уюмдардын негизги айырмачылыгы.

66. Он төрт жашка чейинки жашы жетпегендердин же камкордук астындагы жарандардын жашаган жери катары кайсы жер таанылат?

67. Акционердик коом кайсы учурда жабык акционердик коом деп таанылат?

68. Жарандыгы жок адамдарын жеке мыйзамы болуп кайсы өлкөнүн укуктары эсептелинет?

69. Доонун эскирүү мөөнөтүнүн башталышы.

70. Доонун эскиришинин түшүнүгү.

71. Кепилдик келишиминин формасы.

72. Бир тараптуу бүтүм эки тараптуудан эмнеси менен айырмаланат?

73. Энергия менен жабдуу келишими боюнча жоопкерчилик.

74. Моралдык зыян кайсы учурда толтурулат?

75. Жер тилкесинин аймактык чек аралары кантип аныкталат?

## Жарандык-процесстик укук боюнча суроолор

1. Экономикалык иштердин тараптары кимдер?
2. Жарандык процесстик кодекси боюнча сот тарабынан аткаруу баракчасынын же жарандык иштер боюнча сот буйругунун көчүрмөсү берилиши мүмкүнбү?
3. Жашы жете элек күбөнү суракка алууга жол берилеби?

4. Кайсы учурда жарандык иштер боюнча биринчи инстанциянын сотунун актылары чечим түрүндө чыгарылат?
5. Кайсы учурларда сот юридикалык мааниге ээ болгон фактыларды белгилейт?
6. Кайсы учурларда даттануу же сунуш берүүгө карата процесстик мөөнөт калыбына келтирүүгө жатат?
7. Жарандык иштер боюнча сот актысын аткарууну буруудa жакка эмне кайтарылып берилет?
8. Банкроттук жөнүндө иштин өзгөчө сотко караштуулугу белгиленеби?
9. Жарандык процесске чет элдик жактардын катышуусун укуктук жөнгө сала турган кандай булактар бар?
10. Сот буйругу кантип чыгарылат?
11. Тиешелүү орган тарабынан аракетке жөндөмдүүлүгү чектелген адамга камкорчу дайындоо үчүн эмне негиз болот?
12. Кайсы учурларда сот өндүрүшүн токтотууга тийиш?
13. Чет элдик жактар процесске тарап жана үчүнчү жак катары катыша алабы?
14. Жарандык сот өндүрүшүнүн милдеттери кайсылар?
15. Соттун кайсы апелляциялык же кассациялык инстанциясы иштин материалдарына карата жаңы фактыларды белгилөөгө жана жаңы далилдердии иликтөөгө далилдерге жаңы баа берүүгө укуктуу?
16. Кайсы сот аркылуу кассациялык даттануу же сунуш берилет?
17. Жаңыдан ачылган жагдайлар боюнча сот актыларын кароо мөөнөтү калыбына келтирилиши мүмкүнбү?
18. Экинчи жана үчүнчү инстанциядагы жарандык сот өндүрүшүндө баш тартуунунтартиби кандай?
19. Аладын-ала соттук отурумда кандай маселелер каралууга жатат?
20. Сот өзүнүн чечимдерин кандай далилдерге негиздейт?
21. Никени бузуу жөнүндө иш боюнча соттун чечими кандай бөлүктөрдөн турат?
22. Соттун чечиминдеги туура эмес жазууларды жана эсептик каталарды ондоо кайсы сот тарабынан киргизилет?
23. Билдирилген талаптардын бири боюнча сот тарабынан чечим чыгарылбаса, соттун аракети кандай болот?
24. Биринчи инстанциядагы соттун чечими кандай жана кантип чыгарылат?
25. Канча мөөнөттөн кийин чечими мыйзамдуу күчүнө кирет?
26. Жарандык иш боюнча сот өндүрүшү кандай сот актысы менен токтотулат?
27. Жарандык иш боюнча сот өндүрүшүн токтотуунун кесепеттери кандай болот?
28. Арызды кароосуз калтыруунун кесепеттери кандай болот?
29. Кайсы учурда биринчи интсанциянын соту тарабынан аныктама чыгарылат?

30. Кайсы учурларда сот жеке аныктама чыгарат?

31. Кайсы учурларда биринчи инстанциянын соту жарандык ишти сырттан сот өндүрүш тартибинде карайт?

32. Кайсы негиздер сот сырттан чыгарылган чечимди жокко чыгара алат?

33. Жаран же шайлоо процессинин башка катышуучулары шайлоо укуктарынын бузулгандыгы жөнүндө кайсы сотко кайрылууга укуктуу?

34. Административдик иштер боюнча арыздар кыймылсыз калтырылышы мүмкүнбү?

35. Соттун чечиминдеги туура эмес жазууларды жана эспетик каталарды ондоо кайсы сот тарабынан киргизилет?

36. Жаранды дайынсыз жок же жаранды өлгөн деп жарыялоо жөнүндө арыз ким тарабынан жана кайсы сотко берилет?

37. Сот жыйнынын протоколуна карата эскертүүлөрдү ким карайт?

38. Соттун чечими качан аткарылууга жатат?

39. Мамлекеттик алымды төлөөнүн мөөнөтүн жылдырууга жана созууга жол берилеби?

40. Сыртынан чыгарылган чечимдин корутунду бөлүгүндө кандай кошумча жоболор көрсөтүлөт?

41. Чет элдик жактарга кимдер кирет?

42. Чет өлкөлүк жактар катышкан иштер боюнча сот ишин жүргүзүү кайсы мыйзамдын негизинде жүргүзүлөт?

43. Кайсы учурлардасоттун аныктамасы апелляциялык тартипте даттанылышы мүмкүн?

44. Жарандык иш боюнча сот актысы кайсы актынын негизинде мажбурлап аткарылат?

45. Аткарылууга тийиш болгон сот актысында камтылган талап түшүнүксүз болгон учурда, аны түшүндүрүп берүү жөнүндө ким сотко кайрыла алат?

46. Жарандык иштер боюнча аткаруу өндүрүшүнүн каалаган баскычында аткаруу өндүрүшүнон токтотууга болобу?

47. Жарандык иштер боюнча аткаруу өндүрүшүнүн токтото туруу же токтотуу жөнүндө маселе кайсы орган тарабынан каралат?

48. Бейтарап сот соттук эмес органбы?

49. Сот аткаруу баракчасын берүү жөнүндө арызды кароодо бейтарап соттун чечимин маңызы боюнча кайра кароого укуктуубу?

50. Аксакалдар соту ишти кароонун соттук эмес тартибинин бир түрү болуп саналабы?

51. Жарандык ишти жеке өзү караган судьяга билдирилген баш тартуу же судьянын өз алдынча баш тартуусу ким тарабынан чечилет?

52. Бири-бири менен байланышкан доо талаптардын бири райондор аралык сотко караштуу, калгандары райондук сотко караштуу болсо, аларды бириктирүүдөгү жарандык иш кайсы сотто каралат?

53. Жарандык процесстик кодекске ылайык мөөнөтсүз же өмүр бою берилүүчү төлөмдөр жөнүндө доолордо доонун баасы кантип аныкталат?

54. Кайсы учурларда жарандык ишти караган соттор ортосундагы сотко караштуулук жөнүндө талаш болушу мүмкүн?

55. Ишти даярдоодо же жарандык ишти териштирүү учурунда сот доо арыз доо боюнча жооп бере турган жакка эмес берилгенин аныктаса, ишти токтопостон туруп, тийиштүү эмес жоопкерди тийиштүү жоопкерге алмаштыра алабы?

56. Жарандык процесстик кодекс кайсы баскычта мүмкүн болуучу укук мураскорлугун карайт?

57. Жарандык процесстик кодекске ылайык сот чыгымдары эмнеден турат?

58. Жарандык процесстик кодекске ылайык алименттерди өндүрүп алуу жөнүндө доо арыздарда доонун баасы кантип аныкталат?

59. Жарандык процесстик кодекске ылайык кандай далилдер сот үчүн мурда аныкталган күчкө ээ болот?

60. Жарандык процесстик кодекске ылайык талаш предметине карата өз алдынча талабын билдирген үчүнчү жак процесстин кайсы баскычында процесске кошула алат?

61. Жарандык иш каралып жаткан сотто судьяларды алмаштыруу же иштибул сотто кароо мүмкүн болбой калганда ишти башка сотко берүү жөнүндө суроону кайсы орган чечет?

62. Биринчи же апелляциялык, кассациялык инстанцияда жарандык ишти кароого катышып жаткан судья кайсы учурда ошол эле ишти ошол эле инстанцияда кайталап кароого катыша алат?

63. Жарандык процесстик кодекске ылайык кайсы жарандардын сот жыйынына катышуусуна жол берилбейт?

64. Жарандык ишти кароодо колдонууга жаткан мыйзам же башка ченемдик укуктук акты Кыргыз Республиксынын Конституциясы менен бектитлген адам укуктарын жана эркиндиктерин басмырласа жана Конституцияга карама-каршы келсе, сот эмне кылышы керек?

65. Жарандык процесстик кодекске ылайык судьялардын кимиси суроолорду коллегиялык курамда чечүүдө добуш берүүдөн карманууга укуктуу?

66. Жарандык ишке катышкан жактардын кимиси судьянын өзгөчө пикири менен таанышууга укуктуу?

67. Соттон тышкары кайсы орган жарандык иш боюнча сот акыйкаттыгын жүзөгө ашыра алат?

68. Жарандык ишти сотко караштуулугу боюнча бир соттон башкасына өткөрүп берүү канча мөөнөттө жүргүзүлөт?

69. Жарандык процесстик мыйзамга ылайык, тараптар жайгашкан жери боюнча тинтүү жана далилдерди иликтөө жүргүзүүдө сот тарабынан кабардар кылынабы?

70. Жарандык ишти кароонун жыйынтыктары боюнча апелляциялык инстанциянын сот тарабынан кандай сот актысы кабыл алынат?

71. Күбө тарабынан айтылган кандай маалыматтар далил боло албайт?

72. Жарандык иштер боюнча жазуу жүзүндөгү далилдер кандай түрдө берилиши керек?

73. Жарандык процесстик кодекске ылайык чет мамлекетте алынган кайсы документ сотто жазуу жүзүндөгү далил болуп таанылат?

74. Жарандык процесстик кодекске ылайык берилген доо арыздан мамлекеттик алым ишти кароонун кайсы баскычында алынат?

75. Жарандык ишке катышкан жактар тарабынан жаңыдан ачылган жагдайлар боюнасот актысын кайра кароо жөнүндө арыз ишти биринчи инстанцияда караган сотко канча мөөнөт аралыгында берилет?

## Административдик-процесстик укук боюнча суроолор

1. Административдик жоопкерчиликтин субъектилерин санап бергиле.
2. Административтик иштер боюнча жашы жете элек күбөнү суракка алуу жүргүзүлөбү?
3. Административдик камоо кимдерге колдонулушу мумкун эмес?
4. Кандай учурларда административдик жоопкерчиликтерден бошотулушу мүмкүн?
5. Административдик укук бузуулар үчүн административдик жоопкерчиликти белгилеген же күчөткөн актылар өткөн мезгилге карата колдонулабы?
6. Административдик укук бузуу түшүнүгү.
7. Конфискациянын түшүнүгү.
8. Кандай административдик укук бузуу атайлап жасалган деп таанылат?
9. Административдик жоопкерчилик кайсы курактан башталат?
10. Административдик иштер боюнча токтомдун көчүрмөсү канча күндүн ичинде тапшырылат?
11. Кандай учурда укук бузуучулар жөнүндө материалдар аксакалдар сотуна өткөрүлүп берилиши мүмкүн?
12. Административдик иштер боюнча эскертүү деген эмне?
13. Укук бузуунун куралы же түздөн-түз объектиси болгон буюм заттарды конфискациялоо кайсыл орган тарабынан жүргүзүлөт?
14. Кандай мөөнөткө административдик камоо колдонулат?
15. Административдик укук бузуу жөнүндөгү токтомдун даттанылышынын мөөнөтү?
16. Адамды административдик жаза-чарага тартылган эмес деп эсептөөнүн мөөнөтү.
17. Административдик укук бузууда келтирилген зыянды ким толтурууга милдеттүү?
18. Административдик укук бузуу тарабынан келтирилген материалдык зыяндын ордун толтурунун тартиби.

19. Кайсы органдар административдик укук бузуулар жөнүндө иштерди кароого ыйгарым укуктуу?

20. Майда бейбаштык деген эмне?

21. Кайсыл учурда сот (судья) административдик укук бузуу жөнүндөгү ишти кароодо материалдарды прокурорго, тергөө же териштирүү органына өткөрүп берет?

22. Административдик укук бузуу жөнүндө ишти кароонун мөөнөттөрү?

23. Кандай учурда кызмат адамы ээлеген кызматынан четтетилет?

24. Айдоочунун транспорт каражаттарын алкоголдук, наркотикалык же токсикоманиялык мас абалында айдаган учурда кандай чаралар колдонулат?

25. Административдик укук бузуу жөнүндө иш боюнча токтомго даттанууну кароонун мөөнөтү?

## Эмгек укугу боюнча суроолор

1. Эмгек чөйрөсүндө басмырлоого дуушар болдук деп эсептешкен адамдардын бузулган укуктарын калыбына келтирүү үчүн кандай тартип бар?
2. Мажбурлаган эмгектин түшүнүгү.
3. Жеке эмгек мамилелеринин субъекттери.
4. Жамааттык эмгек мамилелеринин субъекттери.
5. Кызматкерлердин өкүлдөрү иш берүүчү менен жамааттык сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүгө, жамааттык келишимдерди түзүүгө, алардын аткарылышын контролдоого укугу барбы?
6. Жамааттык келишимдин түшүнүгү.
7. Жамааттык келишимдер кайсы мөөнөткө түзүлүшү мүмкүн?
8. Эмгек келишимин түзүү мөөнөттөрү?
9. Кызматкердин эмгектик ишмердиги жөнүндө кайсы документ негизги болуп саналат?
10. Иш берүүчүнүн демилгеси боюнча кызматкерди башка туруктуу же убактылуу ишке которууга жол берилеби?
11. Эмгек келишими иш беруучу тарабынан кызаткерлердин саны же штаты кыскарган учурда бузулушу мумкунбу?
12. Кызматкердин убактылуу эмгекке жарамсыздык жана өргүүдө болгон мезгилинде кызматкерди иштен бошотууга жол берилеби?
13. Түнкү убактагы жумушка он сегиз жашка толо электер киргизилеби?
14. Эс алуу убактысынын түшүнүгү.
15. Тартиптик жазалардын түрлөрүн атагыла?
16. Иш берүүчү тартиптик жазаны алып салууга укуктуубу?
17. Айкалыштырып иштөөнүн түшүнүгү.
18. Жекече эмгек талаш-тартышынын түшүнүгү.
19. Жекече эмгек талаш-тартыштарды кароо боюнча органдары.

20. Жекече эмгек талаш-тартыштарын кароо боюнча органдарга кайрылуунун мөөнөттөрү?

21. Доонун эскириши эмгек акыны өндүрүүгө карата колдонулабы?

22. Эмгекке убактылуу жарамсыздык боюнча жөлөкпулдардын өлчөмдөрү кайсы орган тарабынан белгиленет?

23. Иштен бошогон кызматкерге эмгек китепчеси канча мөөнөттө берилет?

24. Иш берүүчү кайсы мөөнөттө штаттан кыскартуу боюнча жумуштан бошотулгандыгын кызматкерге эскертүүсү керек?

25. Локаут деген эмне?

## Үй-бүлөлүк укук боюнча суроолор

1. Жубайлардын укуктары жана милдеттери кайсы учурдан баштап пайда болот?
2. Никеге туруу үчүн кандай шарттар зарыл?
3. Эгерде никеге туруп жаткан адамдардын бири экинчисинен венерикалык оорусу же ВИЧ-инфекциясы менен ооруй турганын жашырса, анда жашырылган ооруну билген тарап кандай укуктарга ээ?
4. Үй-бүлө кодексинде никени токтотуу үчүн кандай негиздер каралган?
5. Аялынын макулдугусуз күйөөсүнүн канча убакытка чейин ажырашуу жөнүндө иш козгоого укугу жок?
6. Эгерде жубайынын бири сот тарабынан аракетке жөндөмсүз деп табылса никени бузуу кайсы орган тарабынан жүргүзүлөт?
7. Никени бузуу жөнүндөгү жубайлар арыз бергенден кийин кайсы мөөнөттө никени бузуу жүргүзүлөт?
8. Сот жубайлардын жарашуусу үчүн кандай мөөнөт бере алат?
9. Никени бузуу жөнүндөгү соттун чечими мыйзамдуу күчүнө кирген күндөн тартып канча күндүн ичинде сот бул чечимдин көчүрмөсүн жарандык абалдын актыларын жазуу органына жиберүүгө милдеттүү?
10. Кайсы мезгилге чейин жубайлар жаңы никеге турууга укуксуз?
11. Никени жараксыз деп табуу кайсы орган тарабынан жүргүзүлөт?
12. Жубайлардын жалпы мүлкүн бөлүштүрүү качан жүргүзүлүшү мүмкүн?
13. Никеси бузулган жубайлардын жалпы мүлкүн бөлүштүрүү жөнүндөгү талапка кандай доонун эскирүү мөөнөтү колдонулат?
14. Жубайлардын жалпы мүлкүн бөлүштүргөндө жубайлардын жалпы карызы кандайча бөлүштүрүлөт?
15. Нике келишимин түзүүнүн формасы кандай?
16. Жубайлардын мүлкүнүн мыйзамдуу режими деген эмне?
17. Бала канча жашынан баштап өз укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо үчүн өз алдынча сотко кайрылууга укуктуу?
18. Баланын ысымына жана фамилиясына карата ата-энесинин ортосунда келип чыккан пикир келишпөөчүлүктөрдү кайсы орган чечет?

19. Баланын ысымын жана фамилиясын өзгөртүү маселеси боюнча баланын өзүнүн макулдугу канча жашынан баштап талап кылынат?

20. Жашы жете элек, никеге тура элек ата-эне өздөрүнүн ата-энелик укуктарын өз алдынча жүргүзүү укугуна канча жашынан баштап ээ болот?

21. Жашы жете элек ата-энелер өздөрүнүн балдарына карата аталыгын тааныганга канча жаштан баштап талап кылуу укугуна ээ?

22. Ата-энелик укуктардан ажыратылган ата-эненин кайсы милдеттери сакталып кала берет?

23. Балдарды тарбиялоо менен байланышкан иштер боюнча чыгарылган соттун чечимдерин аткаруу ким тарабынан жүргүзүлөт?

24. Алимент төлөө жөнүндө макулдашуу болбогондо жашы жетпеген эки балага ай сайын төлөнүүчү алиментter алардын ата-энесинен кандай өлчөмдө өндүрүлүп алынат?

25. Алимент төлөө тууралуу макулдашуунун негизинде же аткаруу баракчасынын негизинде өтүп кеткен мезгил үчүн алимент өндүрүү канча мөөнөттүн чегинде жүргүзүлөт?

## Турак-жай укугу боюнча суроолор

1. Турак жай кодекси боюнча турак жайдын турак аянтынын түшүнүгү.
2. Турак жай укуктарынын объекттери.
3. Турак жайды пайдалануудагы тыюу салууларды атагыла?
4. Турак жай фондусуна кандай жайлар кирбейт?
5. Турак жай укук мамилелеринин субъекттери.
6. Жарандардын айрым категориялары үчүн мамлекеттик адистешкен турак жай фондунан турак жайларды берүүнүн тартибин аныктоо кайсы мамлекеттик органдарынын компетенциясына кирет?
7. Адистешкен турак жай фондусунун түшүнүгү.
8. Көчмө турак жай фондунан турак жайларды берүүнүн тартибин аныктоо кайсы мамлекеттик органдын компетенциясына кирет?
9. Көчмө турак жай фондусунун түшүнүгү.
10. Жатаканаларга жана мейманкана тибиндеги үйлөргө турак үй статусун берүү жөнүндө чечим кабыл алуу кайсы органдарынын компетенциясына кирет?
11. Менчик ээси турак жайга болгон өзүнүн укугун кандайча ишке ашырат?
12. Көп батирлүү үйдөгү турак эмес жайдын менчик ээси ага таандык жайды өз алдынча кайра курууга же кайра өзгөртүүгө жол берсе, жоопкерчилик тартабы?
13. Көп батирлүү үйдөгү турак эмес жайларда өнөр жай өндүрүштөрүн жайгаштырууга жол берилеби?
14. Турак жайлардын сервитуту кайсы учурларда белгилениши мүмкүн?

15. Турак жай шарттарын жакшыртууга муктаж жарандарды эсепке алуу боюнча кайсы жерде жүзөгө ашырылат?
16. Турак жайды үлүштүк куруу келишимдин формасы.
17. Турак үйдө берилүүчү товарларга эмне кирет?
18. Турак үйдө берилүүчү коммуналдык кызмат көрсөтүүлөргө эмне кирет?
19. Турак жай шарттарын жакшыртууга муктаж жарандарды эсепке алуу боюнча кайсы жерде жузого ашырылат?
20. Жеке турак жай фондунун түшүнүгү.
21. Техникалык паспорттоштуруунун түшунүгү.
22. Турак жайдын жалпы аянты.
23. Адистешкен уюм деген эмне?
24. Жабдуучу уюм деген эмне?
25. Курулуш контрукциясынын тушунугу.

## Жер укугу боюнча суроолор

1. Жер участогун бөлүү деген эмне?
2. Айыл чарбасына жарактуу жерлердин мамлекеттик фондусунун жерлерин ижарага берүүнүн шартын жана тартибин ким белгилейт?
3. Кызматтык жер үлүшү деген эмне?
4. Кандай жерлер токой фондусунун жерлери деп таанылат
5. Жер фондусуна кайсы жерлер кирет?
6. Короо-жай участогу деген эмне?
7. Жер участогун шаардын чегине киргизгенде, анын пайдалануу укугу токтотулабы?
8. Кандай учурда мажбурланган сервитут токтотулушу мүмкүн?
9. Жерге байланыштуу укуктук мамилелерден келип чыгуучу талаштар кайсы орган тарабынан чечилет?
10. Жер участогуна укук токтотулганда жер участогунда калган имараттын жана курулуштун тагдырын ким аныктайт?
11. Жер кадастры жөнүндө толук отчёт канча жылда бир түзүлөт?
12. Имарат же курулуш жайдын бузулушу жер участогуна болгон укукту токтотууга негиз болуп саналабы?
13. Өзгөчө баалуу айыл чарба жерлерине имараттар менен курулуштарды курууга жол берилеби?
14. Айыл чарбасына жарактуу жерлердин мамлекеттик фондусунан жер участоктору канча жылга ижарага берилет?
15. Кандай учурларда жерлерди консервациялоо каралат?
16. Кыртышты бонитировкалоо эмнени мүнөздөйт?
17. Жерди пайдалануу учун акынын кандай турлору бар?
18. Айыл чарба жерлери деген эмне?
19. Пайдалуу кендер табылган жер участогу менчикте турса, жер участогунун менчик ээси үчүн пайда болгон кесепеттер?
20. Башкы план түшүнүгү.

21. Жерлердин санын жана сапатын эсепке алуу кандай жургузулот?
22. Жерлердин мониторинги деген эмне?
23. Кандай айыл чарба жерлери өзгөчө баалуу болуп саналат?
24. Жерге байланышкан кандай талаштар сот тарабынан чечилет?
25. Кандай жерлер муниципалдык менчике кирет?

**Салык укугу боюнча суроолор**

1. Салык карызы деген эмне?
2. “Салык калдыгы” деген эмне?
3. Салык түшүнүгү.
4. Салыктардын түрлөрү.
5. Жалпы мамлекеттик салыктар.
6. Жергиликтүү салыктар.
7. Жергиликтүү салыктардын түрлөрү.
8. Салык салуу объектиси деген эмне?
9. Салык карыздарын жоюу тартиби.
10. Туумдун түшүнүгү.
11. Салыктык отчеттордун формасы.
12. Салык төлөөчүнүн каттоо маалыматтары.
13. Салыктык текшерүүлөр кайсы орган тарабынан жүргүзүлөт?
14. Салык төлөөчүнүн даттанууларын берүү мөөнөттөрү.
15. Салык төлөөчүнүн даттануулары кайсы органга берилет?
16. Салыктык эсепке алуу түшүнүгү.
17. Киреше салык боюнча салык базасы деген эмне?
18. Киреше салыгынын ставкасы.
19. Киреше салыгын төлөөнүн орду.
20. Салыктык укук мамилелеринин катышуучулары.
21. Кыргыз Республикасынын салык мыйзамынын түшүнгу.
22. Салык базасынын түшүнүгү.
23. Салык төлөөчү болуп ким саналат?
24. Товарды сатып өткөрүүнүн түшүнүгү.
25. Бирдиктүү салык декларациясынын түшүнүгү.

**Бажы укугу боюнча суроолор**

1. Озгочо экономикалык аймак.
2. Бажы ишине жалпы жетекчиликти кайсы орган жүргүзөт?
3. Бажы наркы деген эмне?
4. Бажы контролу деген эмне?
5. Бажы жагынан жол-жоболоштурууга жана бажы контролуна эмне алынат?
6. Товар чыгарылган өлкөнү тастыктоочу документтер?
7. Кайсы орган тарабынан бажы алымдарынын жана салыктарды колдонуунун тартиби аныкталат?

8. Бажы төлөмдөрүнүн түрлөрү.
9. Бажы жыйымдарына эмне кирет?
10. Бажы жагынан жол-жоболоштуруу үчүн жыйымдар төлөнөбү?
11. Бажы төлөмдөрүн төлөөчүлөрү.
12. Бажы төлөмдөрүнүн формасы.
13. Бажы төлөмдөрүн төлөөнү камсыз кылуу ыкмалары.
14. Бажы төлөмдөрү кимдерден мажбурлап өндүрүлөт?
15. Кайсы орган тарабынан төлөнбөгөн бажы төлөмдөрү өндүрүлөт?
16. Бажы төлөмдөрүн төлөө жөнүндө талапты жөнөтүүнүн мөөнөтү?
17. Бажы төлөмдөрүн төлөө жөнүндө талапты аткаруу мөөнөтү?
18. Төлөөчүнүн мүлкүн камакка алуу кайсы орган тарабынан жүргүзүлөт?
19. Бажы органдарынын статусу.
20. Бажы органынын же анын кызматкеринин чечимине, аракетине же аракетсиздигине даттануу мөөнөтү.
21. Ички салыктар деген эмне?
22. Бажы жагынан жол-жоболоштуруу деген эмне?
23. Бажы төлөмдөрдүн тизмесине эмне кирет?
24. Бажы брокердин түшүнүгү.
25. Транспорттук документтер деген эмне?